Д 13.20.623 И. Арабаев атындагы КМУнун, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы диссертациялык кеңештин эксперти педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов Кыялбектин **“13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы”** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген Тажибаева Уркуя Кочкоровнанын **“XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Эксперт изденүүчү Тажибаева Уркуя Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Иштин мазмуну “13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы” адистигинин паспортуна жооп берет жана негизги натыйжа иретинде XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы иштелип чыккан.

Иштин **максаты катары** XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясын окутуунун методикалык усул-ыкмаларынын тууралыгын педагогикалык тажрыйбада текшерип көрүү жана алгылыктууларын окутуу практикасында колдонууга сунуштоо каралган. Изилдөөнүн алдына **үч милдет** коюлган: 1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо; 2. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу; 3. Иштелип чыккан технологияларды жана моделдери эксперименталдык жол менен негиздөө.

**2. Изилдөөнүн объектиси** – Республиканын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз

профессионал поэзиясы үлгүлөрүнүн заманбап талаптарда окутулуш процесси.

Изилдөөнүн объектиси жана предмети *изилдөөнүн максатына жана милдеттерине карата* туура аныкталган. Изилдөөнүн жүрүшүндө тийиштүү теориялык жана эмпирикалык, ошону менен бирге ырааттуу уюштурулган педагогикалык эксперимент методдору колдонулган. Топтолгон материал анализденген.

Диссертациянын темасы мектептин ортоңку жана жогорку класстарында XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал поэзиясын окутуунун методикасын иштеп чыгууга прикладдык мааниге ээ. Себеби, соңку мезгилдеги актуалдуу илимий проблемалардын бири “канткенде орто мектепте кыргыз адабиятын окутууну жакшырта алабыз”, - деген суроого жооп табуу менен байланыштуу. Ошондуктан тандалып алынган теманын актуалдуулугу, өз учурунда изилденип жатканы, педагогикалык теорияга жана практикага тийиштүү салымын кошоору шек санатпайт.

**3. Илимий натыйжалар.** Иште педагогика илиминин мындан ары өнүктүрүү менен байланышкан натыйжалар алынган. Алардын курамы төмөндөгүдөй:

**3.1. Биринчи натыйжа** 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясы боюнча теориялык жана илимий-методикалык жактан изилденишин анализдөө, мектепте окутуу, окуу программалары менен окуу китептеринде берилиши өркүндөтүүнүн багыттарын белгилөө, **экинчи натыйжа**, XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун өзгөчөлүктөрү талдоого алып, мында 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын билим берүүчү уюмдарда окутуунун учурдагы заманбап талаптарда окуунун жолдору жана окутуу методдорунун моделин иштеп чыгуу; **үчүнчү натыйжа**, 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиялык чыгармаларды илимий-методикалык эмгектердеги изденүү деңгээлин, ролун жана ордун айкындоо көрсөтүлөт. Жогоруда келтирилген натыйжалардын илимий жаңылыгы бар деп баалоого болот

3.2. Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгү олуттуу теориялык жоболорго таянуу, 208 илимий булактарды анализдөө, аныктоочу жана калыптандыруучу педагогикалык эксперименттерде алынган эмпирикалык материалдарды жалпылоо жана жыйынтыктоо ыкмаларын колдонуу менен бекемделет.

3.3. Иштин белгилүү деңгээлде теориялык мааниси бар, анткени кыргыз поэзиясын орто мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздерин

аныктоо тийиштүү илимий-педагогикалык көз караштьі калыптандырууга салым кошот.

3.4. Квалификациялык белгилерге туура келиши. Диссертациядагы материалдар кыргыз поэзиясынын окутуунун методикасын аныктоого багытталган, алынган илимий натыйжалар жетиштүү илимий жаңылыкка жана баалуулукка ээ. Диссертациялык жумуш жогорку билим берүү уюмунун тематикалык планынын алкагында аткарылган жана анын жыйынтыктары билим берүү тармагынын масштабында кеңири колдонууга татыктуу.

**4. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.** У. Тажибаеванын диссертациясында алынган илимий натыйжалар, келип чыккан пикирлер, тыянактар, сунуштар республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында, мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүүдө практикалык көмөк көрсөтө алат.

Илимий изилдөөлөрдүн негизинде 14 макала жарыяланган. Патент алуу, методикалык сунуштарды иштеп чыгуу, тийиштүү акты менен ишке киргизүү фактыларын бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес.

Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды жалпы жогорку окуу жайларда, мугалимдерди даярдоо, квалификациясын жогорулатууда кеңири колдонсо болот деп эсептейм.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна дал келтирип айрадан жазуу керек.

**6. Мүчүлүштүктөр:**

**6.1. Авторефераттагы мүчүлүштүктөр.**

- Авторефераттын көлөмү, жасалгасы ЖАКтын койгон жобосуна ылайык келбейт;
- Авторефератта берилген эксперименттердин жыйынтыктарынын берилиши абдан чаржайыт, уланмалуулук жок, таблицалар түшүнүксүз.
- Авторефераттын 10-бетиндеги “Окуучулардын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээли” деген таблица аягына чыгарылган эмес;
- Авторефераттын 13-бетинде берилген “Эксперименттин жыйынтыгында окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээли” деген таблицанын жыйынтыгы жок, түшүнүксүз;

•Авторефератта да орфографиялык, пунктуациялык, стиликтикалык каталар абдан көп кездешет, ар бир беттен табууга болот;

**6.2. Диссертациядагы мүчүлүштүктөр.**

•Диссертацияда орфографиялык, пунктуациялык, стиликтикалык каталар абдан көп;

•Көпчүлүк цитаталардан кийин диссертанттын жеке пикири, илимий тыянагы жок. Катар-катар цитаталар эле жазыла берген (Диссертациянын антиплагиаттан өткөндүгүн тастыктаган маалым катты көрсөтүүн талап кылам);

•Чыгармаларды окутууга бөлүнгөн программадагы саатын көлөмүн ар бир бөлүмдө эле кайталап бере берген;

•Диссертация негизинен илимий-усулдук эмгектерден алынган цитаталарга шыкалган. Үчүнчү бапта диссертант чыгармаларды окутуу боюнча башкалардын гана эмгектеринен мисал келтирет, бир дагы өзүнүн сунуштаган жеке методикасын, методикалык сунуштарын жазбайт.

•Диссертациянын ар бир бабынан кийинки корутундуларды, жалпы корутундуну илимий негизге жакындаштырып кайрадан иштеп чыгуу зарыл. Жалпы корутундуда практикалык конкреттүү сунуштар берилген эмес;

•Пайдаланылган адабияттарды ЖАКтын талабына ылайык ондоп чыгуу зарыл;

•Диссертациянын аягында берилген тиркемелерге иштин мазмунунда шилтеме берилген эмес. Тиркемелер максатсыз эле ишке тиркелип калгандай.

**7. Сунуштар:** Жогоруда белгилеген мүчүлүштүктөрдү жоюп, айтылган мүчүлүштүктөрдүн ар бир пунктун кайрадан көрсөтүүнү сунуштайм. Расмий оппонент катары п.и.д., профессор С.Рыспаевди жана п.и.к., доцент Б.Байтикованы, жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедраларын көрсөтөм.

**8. Кабыл алуу боюнча рекомендация.** Диссертация жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдү ондогондон кийин гана кабыл алууга жана алдын ала коргоого татыктуу деп эсептейм.

**9. Бүтүм.** Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" аттуу "13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы" адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот. Изденүүчүнүн жеке салымы, ага таандык идея жана эксперименталдык

ырастоо негизинен иштелип чыккан жана педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алууга татыктуу.

**10. Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып** И. Арабаев атындагы КМУнун, Ж. Баласагын атындагы КУУнун жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13.20.623 диссертациялык кеңешине 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Тажибаева Уркия Кочкоровнанын **“XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”** деген темадагы диссертациясын мүчүлүштүктөрдү ондогондон кийин гана кабыл алууну сунуш кылат.

Педагогика илимдеринин доктору, доцент,
Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим
министрлигине караштуу “Республикалык
илимий-практикалык “Окуу китеби”
борборунун директору К. Акматов

К. Акматовдун койгон кол белгисин тастыктаймын.
Министрдин орун басары Н. Джусупбекова

Дата поступления заключения в ДС
Д 13.20.623
10 мая 2021 г.
Уч. секр. ДС

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын **“XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”** аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши.**
- Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган “XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”деген темадагы диисертациялык иши Д.13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;
- диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн илимий-методикалык проблема 13.00.02 - окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына туура келет:

**Диссертациянын максаты:** – Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

***Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:***

- темага ылайык педагогикалык, психологиялык, теориялык-методологиялык жана методикалык адабияттарды анализдеген, өткөн кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн программалык чыгармаларын окутуунун урунттуу проблемалары каралган;
- кыргыз поэзиясынын өнүгүүсүнүн туу чокусу болгон 70-90- -жылдардагы өкүлдөрүнүн чыгармаларын окутууда алардын чыгармачылык өзгөчөлүү почеркин ачып оокутууга көңүл бурган;
- аталган акындардын чыгармачылыгын окутууда педагогикалык-психологиялык негиздери каралган, окутуунун уюштуруу, өткөрүү, окуучулардын поэзиялык чыгармаларга болгон кызыгууларын, чыгармачылык изденүүлөрүн өнүктүрүү иштери, анын форма-методдору каралган;
- аталган багытта окутуунун методикалык жол-жоболору системалуу түрдө сунушталып, ал экспериментте сыналган.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

- аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

- биринчиден, 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги, ал тажрыйбалар иретке салынып жыйынтыкталбаганы;

- XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;

- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө сунушталган поэтикалык чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;

- аталган багыттагы заманбап технологиялары иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

**3. Илимий жыйынтыктары:** *-изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

- XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрү, тенденциялары, ал мезгилдеги профессионал акындардын ар биринин жекече чыгармачылык багыттары, почерки аныкталып көрсөтүлгөн;

- Окуу процессинде поэтикалык чыгармалардын таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгү ачып берилген;

- XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы, атап айтканда, салттуу жана интерактивдүү жолдору, формалары менен методдору, окутуунун психологиялык жана педагогикалык негиздери иштелип чыккан;

-Иштелип чыккан технологияларды жана моделди эксперименталдык жол менен негизделген.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, ачылыштар, жаңы идеялар алынган деп эсептөөгө болот.

**3.1. Алынган натыйжалардын ишенимдүүлүгү булар менен аныкталат,** т.а изилдөөдө мына бул өзгөчө көңүл буруучу идеялар айтылган жана алар изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүн далилдейт:

- XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрү, тенденциялары, ал мезгилдеги профессионал акындардын ар биринин жекече чыгармачылык почерки ар биринин окуу программасындагы берилген чыгармаларынын негизинде аныкталып көрсөтүлгөндүгү;

- аталган акындардын чыгармаларын окутууда мектеп окуучуларынын көркөм адабиятты окууга, анын ичинен, поэзиялык чыгармаларга кызыгуусунун деңгээли изилденгендиги;

- окуу программалары жана окуу китептери толук анализге алынып, аларда окуучулардын поэзияны кабылдоо, аны түшүнүү, кызыгуусун арттыруу, талдоо, тыянакка келүү сыяктуу иш-аракеттердин биримдигине таянгандыгы;

- окуучунун поэзиялык чыгармаларды окуп-түшүнүүсүн эксперименттик сыноолордогу максат-милдеттеринин так коюлуп иш жүргөндүгү.

**3.2. Иштин теориялык маанилүүлүгү булар:** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү мектеп програмаммасына ылайык алгач ирет иликтөөгө алынгандыгы;

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процессинде таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык багыты көрсөтүлгөндүгү;

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир системасы иштелип чыккандыгында;

- иштелип чыгылган методикалык сунуштар учурдун заманбап талаптарына жараша методдор, ыкмалар менен жүргүзүлгөндүгү.

**3.3. Иштин квалификациялык белгилерге дал келиши:** иш мектепте кыргыз адабиятын окутуу методикасы илимин өркүндөтүү боюнча программаларына туура келет, талап кылынган деңгээлде аткарылган жана анын натыйжаларын тармак ичинде жайылтууга болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)**

Илимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган: илимий корутундуларынын натыйжасында мектепте 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуп-үйрөнүүнүн маани-маңызы, таалим-тарбиялык ролу, аны окутуунун салтуу жана интерактивдүү методдору, методикалык ыкмалары, окутуунун теориялык -психологиялык жол-жоболору иштелип чыккан жана алар практикада сыноодон өткөрүлгөн. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

***Диссертациянын материалдары бул документтерде пайдаланылган:***

-Изилдөөнүн натыйжалары 19 илимий макалада жарыяланган. Алардын ичинен 3 макала чет өлкөдөн, 12 макала Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын материалдарында жана кыргыз тили боюнча усулдук 1 колдонмо жарыкка чыккан.

Натыйжада изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын “XX кылымдын 70–90- жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”деген темадагы диссертациялык ишинде мектепте кыргыз поэзиясын максаттуу, илимий негизде, салттуу жана жаңычыл методдордун негизинде окутууга арналган жана тармак үчүн бул маанилүү болуп саналат.

**6. Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш** жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары толук дал келет.

**7. Сын пикирлер:** - Поэзиялык чыгармаларды окутууда окуучулардын кызыгууларын текшерүүдө жана баалоодо атайын критерийлерди иштеп чыгышы керек эле;

- Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруудагы пайыздык көрсөткүчтөрдү берүүдө сыноого сунушталган акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү деңгээлдери да чагылдырылса жакшы болмок.

**8. Эскертүү:** -Поэзиялык чыгармалардын окуп-үйрөнүү боюнча республиканын мугалимдеринин алдыңкы тажрыйбаларын баяндап берүүдө, алардын айрымдарынан так мисалдарды келтире кетсе болмок.

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процессинде таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык багыты көрсөтүлгөндүгү;

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир системасы иштелип чыккандыгында;

- иштелип чыгылган методикалык сунуштар учурдун заманбап талаптарына жараша методдор, ыкмалар менен жүргүзүлгөндүгү.

**3.3. Иштин квалификациялык белгилерге дал келиши:** иш мектепте кыргыз адабиятын окутуу методикасы илимин өркүндөтүү боюнча программаларына туура келет, талап кылынган деңгээлде аткарылган жана анын натыйжаларын тармак ичинде жайылтууга болот.

**4. Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси (тармак, өлкө, үчүн мааниси)**

Илимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган: илимий корутундуларынын натыйжасында мектепте 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуп-үйрөнүүнүн маани-маңызы, таалим-тарбиялык ролу, аны окутуунун салтуу жана интерактивдүү методдору, методикалык ыкмалары, окутуунун теориялык -психологиялык жол-жоболору иштелип чыккан жана алар практикада сыноодон өткөрүлгөн. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

***Диссертациянын материалдары бул документтерде пайдаланылган:***

-Изилдөөнүн натыйжалары 19 илимий макалада жарыяланган. Алардын ичинен 3 макала чет өлкөдөн, 12 макала Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын материалдарында жана кыргыз тили боюнча усулдук 1 колдонмо жарыкка чыккан.

Натыйжада изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын “XX кылымдын 70–90- жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы”деген темадагы диссертациялык ишинде мектепте кыргыз поэзиясын максаттуу, илимий негизде, салттуу жана жаңычыл методдордун негизинде окутууга арналган жана тармак үчүн бул маанилүү болуп саналат.

**6. Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш** жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары толук дал келет.

**7. Сын пикирлер:** - Поэзиялык чыгармаларды окутууда окуучулардын кызыгууларын текшерүүдө жана баалоодо атайын критерийлерди иштеп чыгышы керек эле;

- Эксперименттин жыйынтыгын чыгаруудагы пайыздык көрсөткүчтөрдү берүүдө сыноого сунушталган акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү деңгээлдери да чагылдырылса жакшы болмок.

**8. Эскертүү:** -Поэзиялык чыгармалардын окуп-үйрөнүү боюнча республиканын мугалимдеринин алдыңкы тажрыйбаларын баяндап берүүдө, алардын айрымдарынан так мисалдарды келтире кетсе болмок.

**8. Сунуштар:** Диссертациялык кеңештин эксперименттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин баштапгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедраларын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору, кандидаттары : Сакиева С.С. – п.и.д., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты), Токтогулов С.- п.и.д. 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Найманбаев А.М. – п.и.д. 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Ураимов К.М. - п.и.к., Эшиев Ж.М., - - п.и.к., Калдаров Ы.А. - п.и.к., доцент, Рыскулова Г.У. - п.и.к., Тажибаева Ж.К. - п.и.к., Халдарова Ы.А. - п.и.к., доцент, Ажыгулов С.М. - п.и.к. ж.б. эмгектенишет.

Диссертациялык кеңеш алдын-ала коргоосуна эксперт катары төмөнкүлөр сунушталат:

1 - оппонент катары: п.и.д., профессор С.К.Рысбаев сунушталат, анын каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

1.Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери", Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университетинин "Кабарчы" журналы, №2, (72), 502-509-б.б.

2. "Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы", Б., 2014,"Жак принт", 19,5 б.т.

3. "Окуучунун жазуу жана сүйлөө ишмериги", Б., 2014, "Жак принт", 20, 6 б.т.

4."Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик негиздери жана дидактикалык талаптары", Б., "Улуу тоолор", 2020, 11 б.т.

5. "Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери", Б., 2014, 14 .т

2-оппонент катары: педагогика илимдеринин кандидаты А.Шералиева п.и.к., Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти сунушталат.

Каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

1. "Акыл карачач" жомогун салттуу жана интерактивдүү методдордун айкалышында окутуу", журнал НАН КР, № 18-2013. С.157-161, 0,5 б.т.
2. "Салттуу жана интерактивдүү методду колдонуу жолу менен жомокторду окутуу", журнал НАН КР, № 17-2013. С.90-95, 0,3 б.т.
3. "Фольклордук чыгармаларды окутуунун көйгөйлөрү", журнал НАН КР, № 18-2013. С.150-156, 0,2 б.т.

**9. Бүтүм:** Жогорудагы айтылган сын-пикирлер менен эскертүүнү коргоого чейин оңдоп-түзөтүүсү керек жана аны аткарууга диссертанттын мүмкүнчүлүгү жетиштүү, ошондуктан изденүүчү Тажибаева Уркия

Кочкоровнанын “XX кылымдын 70–90- жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” деген темадагы дисертациялык иши мектепте кыргыз поэзиясын максаттуу, илимий негизде, салттуу жана жаңычыл методдордун негизинде окутууга арналган жана тармак үчүн бул маанилүү болуп саналат.

**10.** Ушундай алгылыктуу натыйжаларына таянуу менен изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын “XX кылымдын 70–90- жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02 - окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык ишин коргоого кабыл алууга болот –деп бүтүмгө келүүгө болот.

**Эксперт:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**
**Күнү:** **9-май, 2021-ж.**

Профессор С.К.Рысбаевдин колун тастыктайм.
КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы:

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д13.20.623
18 мая 2021 г

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын караштуу Д13.20.623 диссертациялык кеңештин мүчөсү педагогика илимдеринин доктору профессордук м.а. Мукамбетова Айгуль Садырбаевнанын изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган **"XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы"** деген темадагы адистиги13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## ЭКСПЕРТТИК БҮТҮМҮ

Эксперт педагогика илимдеринин доктору профессор изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровна тарабынан берилген **"XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы"** деген темадагы диссертациясын карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңештин диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

-Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темадагы диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн илимий-методикалык проблем 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына туура келет;

2/ **Диссертациянын максаты :** Орто мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

**Максатка ылайык төмөндөгүдөй милдеттер чечилген:**

- 1. ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, алмезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
- 2. ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунунметодикалык системасын иштеп чыгуу.
- 3. Иштелип чыккан технологияларды жана моделдерди эксперименталдык жол менен негиздөө.

**3. Диссертациялык иштин обьектиси-** Республиканын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Мектептин ортоңку жана жогорку класстарында ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын өздөштүрүүнүн илимий негиздери.

**4. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөнкүлөр менен аныкталат:**

ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын жалпы орто билим берүүчү мектептин «Кыргыз адабияты» программасына ошол өткөн кылымдын аяк чекинен тартып гана киргизилип, аларды окутуу процессинде төмөнкүдөй карама-каршылыктарга жол берилип келет:

- аларды окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги, дале топтолуп үлгүрбөгөнү;
- ал чыгармаларды мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы али түзүлбөгөндүгү,
- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү адабият таануучулук жана методикалык эмгектердин дээрлик жоктугу,
- мектептик билим берүүнүн мындай материалдарга бөтөнчө
- бул адабий окуу материалдарынын окуу-нормативдик документтерден орун алышынын анализи жасалбагандыгы;

Аныкталган карам-каршылыктар диссертациялык иштин актуалдуулугун айкындап турат.

**Илимий жыйынтыктары:**

- XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталгандыгында;

– профессионал акындардын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында;

– иштелип чыгылган теориялык ойлор жана методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**5. Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүгү.**

Изилимий корутундулар бул багыттарда ишке ашырылган: республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятынын ичинде кыргыз поэзиясын натыйжалуу окутуу аркылуу окуучунун адабий чыгармачылык шыгын өнүктүрүүнүн багыттары иштелип чыккан. Бул корутундулар окутуу процессинде маанилүү.

Диссертациянын материалдары бул документтерде пайдаланылган

- изилдөөнүн натыйжалары Республикалык бир нече илимий практикалык конференцияларда жайылтылган, чет өлкөлүк басылмаларда 3, Кыргызстандын илимий-методикалык басылмаларында 19 жана 1 методикалык колдонмодо жарыяланган.

Натыйжада Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган “XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” деген темадагы диссертациялык ишинде мектепте кыргыз адабиятынан 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуу ишин максаттуу, ырааттуу, илимий негизде жана ар түрдүү формада өткөрүүгө жетишилген жана бул маанилүү болуп эсептелет.

5. Авторефераттын мазмуну диссертация менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары толук дал келет.

6. Сын пикирлер: Изилдөөгө ылайык текст менен иштөөдө сөз маанисин иштөөдө чечмелөө жумуштарына басым коюп иштесе жакшы болмок.

**6. Эскертүүлөр:** Изилдөөгө ылайык жарыяланган эмгектеринин тизмесин толуктап кою керек.

**7.Сунуштар:** Диссертациялык иштин алдын ала коргоосуна эксперт катары төмөндөгүлөр сунушталат:

1. **Эксперттик комиссиянын төрагасы -** Кыргыз тили жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Рысбаев

2.**Эксперттик комиссиянын мүчөсү-** филология илимдеринин доктору, профессор К.Акматов

3. **Эксперттик комиссиянын мүчөсү** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Айгул

Каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

**8. Корутунду:** Жогорудагы айтылгандар диссертациялык иштин мазмунун төмөндөтпөйт, аны коргоого чейин аткарып коюуга диссертанттын мүмкүнчүлүгү жетиштүү, ошондуктан Тажибаева Уркия Кочкоровнанын каралып жаткан диссертациялык иши өз алдынча иштелген, толук бүткөрүлгөн, максат-милдеттери толук аткарылган, кыргыз адабиятын окутуу методикасы үчүн маанилүү изилдөө деп эсептелинет.

9. **Сунуштар:** Диссертациялык кеңештин эксперименттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедраларын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору, кандидаттары : Сакиева С.С. – п.и.д., 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты), Токтогулов С.- п.и.д. 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Найманбаев А.М. – п.и.д. 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы, Ураимов К.М. - п.и.к., Эшиев Ж.М., - - п.и.к., Калдаров Ы.А. - п.и.к., доцент, Рыскулова Г.У. - п.и.к., Тажибаева Ж.К. - п.и.к., Халдарова Ы.А. - п.и.к., доцент, Ажыгулов С.М. - п.и.к. ж.б. эмгектенишет.

Диссертациялык кеңеш алдын-ала коргоосуна эксперт катары төмөнкүлөр сунушталат:

1 - оппонент катары: п.и.д., профессор С.К.Рысбаев сунушталат, анын каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

1.Илимий жана элдик педагогика: методдору, принциптери", Алматы, "Абай атындагы улуттук пед.университетинин "Кабарчы" журналы, №2, (72), 502-509-б.б.

2. "Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы", Б., 2014,"Жак принт", 19,5 б.т.

3. "Окуучунун жазуу жана сүйлөө ишмериги", Б., 2014, "Жак принт", 20, 6 б.т.

4."Кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн деңгээлдик негиздери жана дидактикалык талаптары", Б., "Улуу тоолор", 2020, 11 б.т.

5. "Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери", Б., 2014, 14 .т

2-оппонент катары: педагогика илимдеринин кандидаты А.Шералиева п.и.к., Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти сунушталат.

Каралып жаткан изилдөөнүн шифрына эмгектери ылайык келет, атап айтканда:

1. "Акыл карачач" жомогун салттуу жана интерактивдүү методдордун айкалышында окутуу", журнал НАН КР, № 18-2013. С.157-161, 0,5 б.т.
2. "Салттуу жана интерактивдүү методду колдонуу жолу менен жомокторду окутуу", журнал НАН КР, № 17-2013. С.90-95, 0,3 б.т.
3. "Фольклордук чыгармаларды окутуунун көйгөйлөрү", журнал НАН КР, № 18-2013. С.150-156, 0,2 б.т.

**10. Бүтүм:** Жогорудагы айтылган сын-пикирлер менен эскертүүнү коргоого чейин оңдоп-түзөтүүсү керек жана аны аткарууга диссертанттын мүмкүнчүлүгү жетиштүү, ошондуктан изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70–90- жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темадагы дисертациялык иши мектепте кыргыз поэзиясын максаттуу, илимий негизде, салттуу жана жаңычыл методдордун негизинде окутууга арналган жана тармак үчүн бул маанилүү болуп саналат.

**11.** Ушундай алгылыктуу натыйжаларына таянуу менен изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70–90- жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02 - окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык ишин коргоого кабыл алууга болот –деп бүтүмгө келүүгө болот.

**Эксперт** **п.и.д., доцент А.С. Мукамбетова**

Дата поступления заключения в ДС Д 13.20.623 18 мая 2021 г.

**Дата 27.04.2021**

Уч. секр. Ор. Асекова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ ИМ И. АРАБАЕВА

КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН

ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Подпись заверяю инспектор ОКР